DOI:10.26104/IVK.2023.45.557

ИЗВЕСТИЯ ВУЗОВ КЫРГЫЗСТАНА, № 1, 2023

*Алымбаев А.М.*

# ТЕҢИР ТЕОНИМИ ЖАНА АНЫН ФИЛОСОФИЯЛЫК АНЫКТАМАЛАРЫ

*Алымбаев А.М.*

# ТЕОНИМ ТЕНГРИ И ЕГО ФИЛОСОФСКИЕ ОПРЕДЕЛЕНИЯ

*A. Alymbaev*

# THEONYM TENGRI AND ITS PHILOSOPHICAL DEFINITIONS

*УДК: 130. 2(575.2) (04)*

*Теңир дүйнөтаанымы адамзатттын тарыхындагы эн байыркы дүйнөтааным болуп саналат. Мисалы, Теңирдин ысмы "Дингир" формасында байыркы шумер чопо жазмаларында учурайт. Андан кийин биз анын ысмын "Теңир", "Тенгри", "Тангра", "Тур" формаларында Евразия мейкиндигинде көчүп, жашап жүрүшкөн түрк-монгол элдеринин тарыхынан байма-бай кезиктиребиз. Бул теоним ушул аймакта жашаган элдердин арасында XX кылымдын башына чейин жашап келди. Бүгүн дүйнө элдери ирилештирүү (глобализация) идеологиясынан четтеп, ар бир этнос өзүнүн тилин, тарыхын жана дүйнөтаанымдарын изилдөөгө багыт алган учурда, түрк-монгол элдеринин урпактары да өз иденттүүлүгүн табууга жана изилдөөгө бет алууда. Мына ушул багытта бүгүнкү күнү Теңир дүйнөтаанымын изилдөө иши колго алынып, андан улам аны изилдеген илимпоз-окумуштуулардын саны да күн санап арбып баратат.*

***Негизги сөздөр**: Теңир, Алла, Кудай, Умай, Асман, Жер, Туран, шаманизм, деизм, арат.*

*Тенгрианство является древнейшим мировоззрением в истории человечества. Например, имя Бога встречается в форме «Дингир» в древних шумерских глиняных надписях. После этого мы часто встречаем его имя в формах «Тенгри», «Тангра», «Тур» в истории тюрко-монгольских народов, переселившихся и живших на евразийском пространстве. Этот теоним жил среди народов, проживающих в этом регионе, до начала XX века. Сегодня, когда народы мира отходят от идеологии глобализации и каждый этнос сосредотачивается на исследовании собственного языка, истории и мировоззрения, потомки тюрко-монгольских народов также идут к поиску и исследованию собственной идентичности. Именно в этом направлении сегодня ведется изучение мировоззрения Бога, и в результате число ученых, изучающих его, увеличивается день ото дня.*

***Ключевые слова**: Теңир, Алла, Кудай, Умай, Небо, Земля, Туран, шаманизм, деизм, арат.*

*Tengrianism is the oldest worldview in the history of mankind. For example, the name of the God is found in the form of "Dingir" in ancient Sumerian clay inscriptions. After that, we often find his name in the forms "Tengri", "Tangra", "Tur" in the history of the Turkic-Mongolian peoples who migrated and lived in the Eurasian space. This theonym lived among the peoples living in this region until the beginning of the XXth century. Today, when the peoples of the world are moving away from the ideology of globalization and each ethnic group is focusing on the study of its own language, history and worldview, the descendants of the Turkic-Mongolian peoples are also going to search and explore their own identity. It is in this direction that the worldview of God is being studied today, and as a result, the number of scientists studying it is increasing day by day.*

***Key words**: Temir, Alla, Kudai, Umai, Heaven, Earth, Turan, shamanism, deism, arat.*

Казак элинин көрүнүктүү акыны жана тарых изилдөөчү О. Сулейменов жазгандай: "Христиан жыл санагынан 4 миң жылдар мурун пайда болуп, семит жана индоиран диндеринин энесине айланып, байыркы Египет куттарына (культ) таасир тийгизген, Жер шарынын эң байыркы дини – теңирчилик көптөн бери өзүнүн изилдөөчүлөрүн" [15, 567-б.] ушул мезгилге чейин күтүп келди. Теңир дүйнөтаанымынын дүйнөдөгү улуу диндердин пайда болушуна таасир бергени үчүн эле, аны өзүбүздүн элдин ким болгонун, анын тарыхын жана менталитетин билүү үчүн да изилдешибиз керек. Арийне, улуу тарыхчы окумуштуу В.Бартольд: "Элдин психологиясын түшүнүү үчүн адегенде анын динин билиш керек" деп жөн жеринен жазбаган [5, 26-27-бб.].

Теңирди - кудай, абсалюттук дух катары саноо байыркы түрк элдеринде башкы орунда турган. Бирок, ошентсе да, ага карабай эле, адегенде асманды кээ бир изилдөөчүлөр Теңир катары түшүндүрүп келишкен. Мына ошол көз карашка каршы Ч. Валиханов, алгачкылардан болуп, көчмөн элдерде Асман ыйык саналарын, бирок Теңир теоними андан алда канча кеңири түшүнүк экенин жазган [8, 472-б.]. Ал, кыргыздарда бул ишеним шаманизм менен байланышкандыгын жана "теңирди" "алла", "кудай" менен маанилеш экендигин белгилеген [8, 370, 470, 480-бб.]. Демек, Ч. Валихановдун ою боюнча, араб тилиндеги "алла" менен түрк тилиндеги "теңир" бирдей мааниге ээ.

Белгилүү окумуштуу И.В. Стеблева, орхон-энесай жазууларында жолуккан Теңир түшүнүгүн байыркы түрк мифологиясындагы жогорку баскыч катары карап, анын негизги атрибуттарына көңүл бөлөт да, алар: "ай-ааламдын ээси", "жаратуучу", "колдоочу", "адамдардын тагдырын өзгөртүүчү", "каарына алуучу", "жазалоочу" сыяктуу функцияларга ээ экендигин белгилейт. Анын пикири боюнча, Теңир ар дайым антропоморфтук көрүнүштө сүрөттөлөт [16, 214-б.]. Андан нары сөзүн улантып, окумуштуу оюн минтип жыйынтыктайт: "Таким образом, высшее божество – небо в древнетюркских текстах характеризуется как невидимое и не чувствующее в повседневных обыденных событиях жизни человека" [16, 214-б.].

Кээ бир изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча Теңир "Оң менен Солдун жана Борбордун биримдигин" билдирет. Бир топ жылдардан бери, Теңиртаануу илиминин калыптанышына өзүнчө, өзгөчө салым кошуп келаткан ойчул жазуучу жана изилдөөчү Ч.Өмүралиев биз кеп кылып жаткан арат (*көчмөн арийлер-А.А.*) дүйнөтаанымынын монгол версиясын мисал

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



тартып: "Теңир дүйнөтаанымынын материалдык жана руханий касиеттери тууралу сөз кыла турган болсок, анда анын руханий касиеттерин аныктап турган 55 кичи кудайлардан турган Он канат жана материалдык касиеттерин аныктап турган 44 кичи кудайлардан турган Сол канатты айтабыз. Аны менен Теңир дүйнөтаанымы өзүнүн руханий касиетке артыкчылык берерин билдирет. Бирок, ал тең салмактуулукту бузбайт. Эки тарабы тең бирдей салмакка жана мааниге ээ эгиздер болуп саналат. Кыргыз элинин жаңы үйлөнүп жаткан жаштарга айтчу: "эки жарты – бир бүтүн" деген сөзү ушул жерде да Теңир дүйнөтаанымынын тендигин, калыстыгын аныктайт [12, 88-б.].

Автор Теңирдин этимологиясын "таң" жана "иңир" (ин+гир) деген сөздөргө байланыштуу чечмелейт да, тан күн менен түндүн ортосундагы убакыт деген ойду айтат. Дал ушул сыяктуу эле көз караштy профессор Ж.Бөкөшов мындайча билдирет: "Теңир "таң" деген түшүнүк менен байланышса керек. Таң жарыктын тарала баштаган учуру, күн чыгар маалдын алды" [7, 194-б.].

Өзүнүн изилдөөлөрүнө таянып, автор дагы бир мындай кызык ойду айтат: «Понятия Тенгри как Единого Первоначала, у туранцев отличное от понятий других народов, в том числе и семитских народов. Например, о Первоначале в Библии говорится: «В начале было Слово, и это слово было у Бога. И это слово был "Бог". А, Теңирчилик боюнча: "Вначале было не "Слово", а было Состояние, то самое состояние, которое в себе утаила обе начала одновременно… из безмолвия выплывает первозвук, первоглас…Т.е. Звук и Свет рождаются одновременно, парно. Ибо нет света, не звучащего, и нет звука, не светящегося" [12, 89-б.].

Ошентип адегенде Жарык жана аны менен кошо Үн жаралган. Башкача айтканда, семит элдери айткандай, алгач ирет Сөз эмес, адегенде Жарык менен Үн болгон. Анан Сөз келип чыккан. Автор тилдин ички сырларын сыртка алып чыгат. Анын оюу боюнча, "Күн" (к-үн), "Түн" (т-үн) деген сөздөрдүн өзүндө да "үн" жатат. Оң менен Солдун ортосунда Борбор жаткандай, Күн менен Түндүн ортосунда Үн катылган. Андан улам атактуу казак акыны Олжас Сулейменовдун: "Молчание - это тоже голос!"- деп кыйкырган бир ыр сабы эске түшөт.

Сөзүнүн аягында Ч.Өмүралиев Теңир тууралуу оюн мындайча аяктайт: "Тенгрианство есть стройная, цельная мировоззренческая Система. Она не только остается в Прошлом, она всегда живет в Настоящем и устремлена в Будущее. Она всегда открыта, потому что истинно Универсальна". Ошондой эле "Теңирчилик байыркы гана эмес, дайымкы дүйнөтааным" [12, 94-б.].

Искусство илимдеринин кандидаты, боордош Казак элинин илимпоз кызы профессор Асия Мухамбетованын да Теңир дүйнөтаанымына кайрылып, көчмөн элдердин жыл санагы тууралу оюн ортого салат: Кандай деп айтышпасын, көчмөн цивилизациянын негизи болгон Теңир дүйнөтаанымынын, улуу диндерге таандык, өзүнүн календары бар. Бул фактор евроборбордук көз караштагы окумуштуулардын аны "жапайы дин" (язычество) деп атоосу таптакыр туура эмес экенин көрсөтүп турат.

Акыркы изилдөөлөр, айбанат аттары менен аталган көчмөн элдердин жыл санагынын пайда болуу мезгилдерин 3 миң [15, 31-б.] жылдан 5 миң жылга чейинки убакытты көрсөтүүдө. Казактар мындай календарын "мүшел" деп атап, аны XX кылымдын башына чейин колдонуп келишти. Мүшел деп казактар 12 жылдык жыл саноону да айтышат [10, 95-б.]. Ошентип, жогорку автордун пикири боюнча, Теңир ишениминин пайда болушу 3 миңден 5 миң жылга чейинки убакытты ичине камтыйт. Бул, Теңир календары, болжол менен б.з.ч. 3 миңинчи жылдарда пайда болгон деген сөздү билдирет.

Көрүнүктүү коомдук ишмер, "Теңир Ордо" фондунун президенти Д.Сарыгуловдун илимий-популярдуу тилде жазылган бир нече китептери Теңирчиликке арналды. Ал, бүгүнкү күндөгү глобалдаштыруу идеологиясы, анын майда улуттарга тийгизип жаткан таасири, ага карама-каршы туруудагы Теңирчиликтин ролу тууралу оолуттуу ойлорду айтып, жазып жүрөт. Анын оюу боюнча, Теңирчилик мындан 7-9 миң жылдар мурун Алтай жеринде жаралган [14, 114-б.]. Тагырак айтканда: "Оно возникло как отражение самой Природы, ее логики, сути и содержания, воплощения ее законов и понимания ее смысла таким, каким ее воспринимали люди той эпохи. Все сложное и надуманное отвергалось и отбрасывалось самой Природой и суровыми условиями жизни. Люди жили в гармонии, единстве и согласии с Природой, полностью приспосабливаясь и согласуясь с ее законами и требованиями, сутью и содержанием" [14, 116-б.]. Демек, Теңирчиликтин тамыры Жаратылыштын тамыры менен бир, андай болгондон кийин бул теонимдин маанисин да табияттын өзү менен байланышта изилдөө керек.

Биздин бир колдун беш манжасына жетпеген изилдөөчүлөрдү айтпаганда, негизи, Теңир дүйнөтаанымын изилдөөгө башкыр, татар, алтай, якут, хакас, туба, монгол жана казак окумуштуулары жигердүү катышып, өз көз караштарын байма-бай билдирип келе жатышат. Ошондой казак окумуштууларынын бири – философ Ауэзхан Кодар, Теңир жөнүндө мындай деп жазат: «Главное в Тенгри – понятие кута или блага. Дело в том, что Тенгри – не творец, а прародитель. В этом его генотеистическая сущность первопредка, порождающего все остальное" [11, 122-б.].

Автордун оюу боюнча, Теңир, "өзүнүн аялы", "баланын" жана "түшүмдүүлүктүн ээси" - Умай эне аркылуу ааламды жаратат. Башкача айтканда, Теңирди – Асман, Умай энени – Жер деп алсак, анда Асмандан жааган жамгыр аркылуу Жер, өзүндөгү жан-жаныбар

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



жана өсүмдүктөрдүн баарын жандууга айлантып, өстүрүп чыгарат. Бул жерде Асман себепчи гана болот. Бул - ай-ааламды, Теңирдин «эрки» менен Умай эне жараткан деген сөз. Бирок, автор, тилекке каршы, Алтай-Сайан элдеринде, Теңирден кийинки мааниге ээ "эки" духтун (Үлкен менен Эрлик) бар экенин, Теңирдин эрки менен ай-ааламды ошол "эки дух" жараткан версияны да эске алган эмес.

Андан соң темага байланыштуу Теңирчилик тууралуу ойду философ Тайлак Абдылдабеков улантат: "В ходе проникновения вглубь истории выяснилось, что та цивилизация созданная древними кочевниками Алтая – предками кыргызов, возникла намного раньше, чем шумеро-аккадская!… Древние кочевники Алтая и Турана в своей очень длинной истории создали удивительную, высокоорганизованную цивилизацию – Тенгрианство" [1, 127-б.]. Андан ары автор оюн улантып, өзүнүн макаласында Теңирчилик "көчмөн цивилизациясына" таандык көрүнүш экендиги тууралуу философиялык концепцияны биринчи болуп Ч.Өмүралиев сунуш кылганын айтып, анын кыргыз улуттук аң-сезиминин ойгонушуна тийгизген таасири жөнүндө баса белгилейт.

Өзгөчө айтылган пикирдин бири кыргыз философу Талант Эгембердиевге таандык. Анын жазганы боюнча: "Сложность понимания сущности тенгрианства заключается в том, что современное мышление очень дифференцированно и линейно. Такое мышление ставит вопрос – чем по сути является тенгрианство? Что это? Мифология, религия, философия или наука (стихийный материализм). Если религия, то почему нет священной книги, социального института (мечет, храм, священно служащие и.т.д.), если философия, то кто является разработчиками (кто автор), если наука, то, где метод исследования, экспериментность. Нами предполагается, что тенгрианство это, по своей сути, неразрывное синкретическое знание, включающее в себе единство мифологии, религии, философии и науки" [19, 137-б.]. Андан ары сөзүн улантып, автор дагы мындай дейт: "Тенгрианство это синкретическое знание, где нелинейно переплетены практическое и теоретическое знания. Реальность не линейна. Нелинейность тенгрианство объясняется тем, что объектом познания у древних кыргызов была реальность, а не социальный опыт, который оформляется в виде идей и теорий" [19, 138-б.]. Автордун ою боюнча, Теңирчиликтин башкы суроосу болуп: "Теңдикке кантип жетиш керек?" деген суроо саналат. Анткени, Теңдикке жеткенде гана адам жана аалам гармонияда жашайт. Анын бир гана жолу бар, ал – аң-сезим. Автор ачык айтпаганы менен анын көз карашында деисттик дүйнөтаанымга тиешелүү позиция жатат. Чынын айтканда, Теңир дүйнөтаанымы Кудайдын бар экенин, ааламды ал жаратканын тааныган диний-философиялык окуу. Ал бирок, дүйнөлүк диндерге тиешелүү кудайдан берилген аяндарды жана диний догмаларды тааныбайт.

Жашоо карама-каршылыктардан турат. Ансыз болбойт. Бирок, жашоонун мыйзамдары өзүнөн өзү бири бирине карама-каршы эмес. Карама-каршылыктар бири бирин толуктап, бир бүтүндүктү пайда кылат. Күн менен түн, өмүр менен өлүм, жай менен кыш бири бирине карама-каршы эмес, алар Теңирдин мыйзамына ылайык өз кезеги менен бири бирин алмаштырып турушат. Бири бирисиз алар толук эмес. Күндүн бүтүшү менен анын ордуна Түн келет, Түндүн бүтүшү менен кайра Күн чыгат, ушинтип экөө бири - бирин толуктап, чексиз алмаштырып отурат [19, 139-б.].

Автордун пикири боюнча, диний аспектиде да Теңирчилик башка антропоморфтук диндерден (буддизм, иудаизм, христианство, ислам) айырмаланып турат: "Во-первых, отсутствует разделение человека и всевышнего; во-вторых, вера основана не на страхе ада и спасении, а на чувстве благодарности, поскольку природа щедро одаривает благами; в-третьих, нет догм и готовых молитв (у кочевников было в основном невербальное общение с Всевышним), ибо они рождаются в сердцах" [19, 140-б.].

Ал эми диний аспектен алганда, Теңирчиликтин эзотерий илими болуп саналган шаманизм – йог, даосизм, мистицизм, суфизм, магия, жашыруун окуулар (кабалла), окультизм, теософия, антропософия, биоэнергетика жана парасихологиянын булагы болуп эсептелет. Тагырак айтканда, көчмөндөр жогорку деңгээлдеги биоэнергетикалык маданияттын ээлери болгондуктан, энергетикалык нур куюлуп түшүп турган жерлерге этият мамиле жасашып, алар ошондой жерлерге (мазарларга) чогулуп, кудайга сыйынышкан. Көчмөн элдерде мечит жана чиркөөлөрдүн ролун мазарлар аткарган.

Байыркы арийлерге таандык мифтердин биринде минтип айтылат: адегенде Асман, Жер болгон эмес. Учу-кыйрына көз жетпей мелмилдеген мейкиндикте "мухит" тунжурап, тынптынч жатчу. Ошол мухиттин ичинде бир күнү бир "ак жарык" пайда болду, ошол ак жарык жаркырап, нур чачкан "алтын жумурткага" айланды. Ошол жумуртканын ичинде келечекте бүт ааламды жаратуучу Дух тынч, мемиреп уктап жатты. Ошентип ал Дух миллион жылдар бою уктап жатып, бир күнү ойгонду да, жумуртканын кабыгын жарып, сыртка чыкты. Жумуртканын жарым кабыгын – Асманга, жарым кабыгын Жерге айлантты. Ошентип, кудайлар, адамдар, жан-жаныбарлар жана башка жандуу-жансыз заттар жашай турган мейкиндик пайда болуп, жашоо башталды [20].

Дал ушундай эле мифтин экинчи версиясы боюнча ааламды эки өрдөк жаратат [21].

Окумуштуулардын жазгандары боюнча, аң-се-

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



зимге ээ болгон адамдын баары эле аны толук колдоно албайт. Адамдардын көбү жайнаган идеал конструкциялардын арасында өздөрүн өздөрү таппай, реалдуулуктан алыстайт да, акыры аны жоготуп алат. Аягында, адам реалдуулук менен жана анын ыргагы менен байланышын үзүп, иллюзиялар менен жашоого өтөт. Ал эми иллюзия, же теория ал чындык эмес, ал эч нерсеге жараксыз адамдын өзүн-өзү сооротуусу. Мына ушул көз караштан алганда, Теңирчилик теорияга чалынбай, ар дайым реалдуулук менен бир жашаган дүйнөтааным болуп саналат.

Чынында, Теңирге сыйынуу – ал Табияттын табигый гармониясын билдирген түшүнүк жана “кудай” маанисинде Космоско, “аалам” маанисинде айтылган Асманга сыйынууну билдирет. Ал алгачкы учурларда Жаратылышка сыйынуу катары пайда болуп, анан ал акырындап, космостук жана астралдык кудайлар менен кошулуп кеткен да, бизге ал синтезделген формада келип жетти.

Алтай-Сайан элдеринин мифологиясы боюнча “Теңир бизге белгисиз (күн же ай эмес) алгачкы бир жарыктан жаралат. Ал каалаганын аткарган күчкө ээ. Баары анын каалоосу менен жаралат жана баары анын эрки менен ишке ашат. Ал өзү жараткан нерселердин баарынын тагдырын өзү аныктайт. Киши уулу да Теңир аныктаган убакта төрөлүп, Теңир айткан убакта өлөт [3, 6-б.].

Окумуштуулардын көз караштары жана Теңир дүйнөтаанымына берген илимий аныктамалары бирибиринен айрымаланганы менен негизинде өзөгү бир жыйынтыкка келип такалат: Теңир – Алланын туранча айтылган ысмы, бирок андан айрымаланып, ал – дин эмес, деисттик багыттагы диний-философиялык окуу. Казак окумуштуусу Сабетказы Акатайдын жазганы боюнча: “Тенгри – явление синкретическое”. Ал - Алланын синоними. Башкача айтканда, “Языческое космическое божество Тенгри “растворено” во всем. Звезды, горы, вода и др. имеют свои тенгри–духов-покровителей. Тенгри – суть всей действительности” [2, 61-62-бб.].

Жогорку көз караш Полинезия аралдарында жашаган элдердин фольклорунда эң сонун чагылдырылган. Мисалы, “Тангароа”, “Тангалоа”, “Таароа” ж.б. ысымдар менен белгилүү болгон башкы кудай тууралуу Таити аралында жашаган элдердин фольклорунда минтип айтылат:

Источник всего бытия – Таароа.
Камень есть (Таароа).
И песок есть Таароа.
Его имя Таароа.
Таароа – вселенная,
Таароа – ось,
Таароа – семя,
Таароа – основание,
Таароа – мудрость,
Таароа еще и сила.
Он сотворил вселенную,
Скорлупу сотворил, которая ее обьемлет,
Он привел Землю в движение [17, 16-17-бб.].

Жогорку ырдын өзү Полинезия элдери менен түрк-монгол элдеринин кудайы болгон Теңир байыртан эле Космостун символун түшүндүргөнүн, ал өзү ааламды жараткан кудай экенин жана анын өзүнүн жараткан денеси – Аалам экенин, ар бир зат анын ар бир бөлүкчөсү экенин билүүгө болот.

Макаланын башында айтылган Ч.Валихановдун пикирин бекемдеп, кыргыз миф, уламыштарын изилдеген, белгилүү филолог окумуштуу К. Байжигитовдун пикири боюнча да: “байыркы түрктөрдүн Теңир жөнүндө түшүнүк, ишенимдери асман кудайы, духу катары гана эмес, андан кеңирээк мааниге ээ болгон” [4, 20-б.].

Теңир дүйнөтаанымы боюнча алгачкылардан болуп, докторлук ишин жазган казакстандык философ, профессор Н.Аюповдун жазганы боюнча: “Теңгри понимается не просто как небо, в его природном значении, а как Небо – начало всего, Небо как единный бог. Небо как бесконечная сущность, абсолютное воплошение верха, абсолютная удаленность и недоступность, неизменность, величие и превосходство над всем земным, порождало в религиозном сознании восприятие его как активной силы, источника блага и жизни” [13, 17-б.].

Көчмөн элдердин тарыхын изилдөөчүлөрдүн жана аны талыкпай таратуучулардын бири, көрүнүктүү татар ойчулу жана жазуучусу Р.Безертиновдун пикири да ушундай: “По представлениям древних тюрков и монголов, все сущее на земле подвластно Тэнгри – вполошению небесного начала, создателю вселенной “Духу Неба” [6, 71-б.]. Улуу кудай катары асманда жашаган Теңирге хандардын, кагандардын эле эмес, бүтүндөй элдердин тагдырлары да ага көз каранды. Ал биздин көзгө көрүнгөн көк асмандын биздин көзгө көрүнбөгөн духу. А чынында, Теңирдин көрүнүшү кандай экенин эч ким билбейт. Байыркы түрктөр үчүн Теңир менен Асман синоним түшүнүктөрду билдирген [6, 71-б.]. Текстте көрүнүп тургандай, бул жерде автор өзүнө-өзү каршы чыккан так эмес ойлорду айткан. Мисалы, ал “Көк Тэнгри кадимки биздин көзгө көрүнүп турган асманды эмес, анын карама-каршысы болгон руханий маанисин түшүндүргөн” деп бир кезде Ч.Валиханов айткан ойду кайталайт да, анан кайра: “Байыркы түрктөр менен монголдор үчүн Тэнгри жана Асман синоним сөздөр болгон” дейт. Андай болгондо биз Теңирди – Асмандын ээси катары таанууга туура келет. Бирок, бул туура эмес. Анткени, Теңир “жогорку дүйнө” катары айтылып жаткан Асманды эмес, “аалам” маанисинде айтылып жаткан асманды түшүндүрөт. Эгер, биринчи учурда Асман “үч” катмар дүйнөнүн бир бөлүгүн гана билдирсе, экинчи

DOI:10.26104/IVK.2023.45.557



учурда Асман (Теңир маанисинде) үч катмар дүйнөнү бириктирген мааниге ээ түшүнүк. Ошентип, «Теңир менен Асман» синоним сөздөр эмес, Асман Теңирдин бир гана көрүнүшү болгон анын материалдык көрүнүшү, а Теңир анын "көрүнбөгөн" жагын да кошо түшүндүрөт. Башкача айтканда, Асман - "аалам" маанисиндеги Теңирдин бир ысмы. Экинчи, айтып кете турган дагы бир нерсе, ал "көк" жана "көкө" деген сөздөргө байланыштуу ойлор. Бул сөз, кыргыз тилинде "көк" деп айтылганда – "түстү", же "асманды", ал эми "көкө" деп сүйлөнгөндө – "ата" деген маанини билдирет. Демек, биз: "Көк Теңир" деп айтканда, анын "түстүк ысымын", ал эми "Көкө Теңир" деп айтканда анын бизге "ата" экенин билдирген сөздү түшүнөбүз. "От Тэнгри звисело благо и худо, добро и зло, счастье и несчастье во время земной жизни, а благодать и кара следовали тотчас за совершенные проступки. После смерти человека власть Тэнгри над ним прекращалась" [6, 74-б.]. Автордун жазганы боюнча, христиан жана ислам дининдегидей, теңирчиликте "күнөө кылуу идесы" жок. Ошентсе да, аларга бийликти Теңир өзү бергендиктен, анын жазасынан улуу кагандар да кутула алышкан эмес.

Акырында айтарыбыз, академик Ы.Мукасов жазгандай: Теңир дүйнөтаанымын изилдөө иштери ар кандай багыттар менен бара жатат. Алардын биринчилери, Теңирди улуу кудай катары караган монотеисттик көз караш менен кошо эле ар кандай диний идеялар аралашкан дүйнөтааным деп жазышса, экинчилери, Асманга жана Жаратылышка сыйынуу бул дүйнөтаанымдын табигый мүнөзүн билдирет дешет. Ал эми үчүнчү топтогулар Теңирдин трансценденталдык мүнөзүн баса белгилешип, баардыгын камтыган, баардыгында бар көзгө көрүнбөгөн абсалюттук күч катары сүрөттөшөт [9, 266-б.]. Жогоруда айтылган окумуштуулардын Теңирге берген илимий аныктамаларын окуп отуруп, кыскача мындай жыйынтыкка келебиз:

1. Теңир – Алланын синоними;
2. Теңир - абсалюттук Духтун Туран элдеринин тилинде айтылган бир ысмы;
3. Теңирдин ысымынын туура айтылышы - "Көкө Теңир" (кыпчак: "Көке Теңир"), мааниси - "Ата Теңир".
4. Теңир дүйнө таанымы - дин эмес, ал деисттик мүнөздөгү диний-философиялык окуу.

Теонимдин жогоркудай айтылышы – байыркы Туран аймагында жашаган биздин ата-бабалар өздөрүн "кудайдын кулу" деп айтпастан, "кудайдын уулу" деп айткан арат дүйнөтаанымына таандык ишенимин тастыктайт. Ошентип биздин изилдөөбүз боюнча, Теңир дуалисттик мүнөзгө ээ деисттик окуу болуп саналат.

**Адабияттар:**


1. Абдылдабеков Т. О генезисе тенгрианства. // Сборник научных статьей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
2. Акатай С. Древние культы и традиционнная культура казахского народа. – Алматы: КазНИИКИ, 2001.
3. Алтун битиг. Тенгрианство. - Алматы: "Жибек Жолы, 2000.
4. Байжигитов К. Кыргыз мифтери, уламыштары жана легендалары. – Фрунзе: "Илим", 1985.
5. Бартольд В.В. Сочинения. / в 9 т. - М., 1968. - Т.5.
6. Безертинов Р.Н. Тенгрианство – религия тюрков и монголов. - Набережные Челны: "Аяз", 1997.
7. Бөкөшов Ж. Кыргыз философиясы. – Бишкек, 2013.
8. Валиханов Ч. Собрание сочинений. в 5-ти т. - Т.1. – А., 1961.
9. Мукасов Ы. Мировоззрение древних кыргызов. - Бишкек: "Maxprint", 2021.
10. Мухамбетова А.И. Тенгрианский календарь и время в казахской культуре. // Сбор. науч. статей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству. "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
11. Кодар А. Культ Тенгри в системе религий раннего средневековья. // Сбор. научных статей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству. "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
12. Өмүралиев Ч. Основы тенгрианства и ареал его распространения. // Сбор. научных статей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству "Тенгрианство мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
13. Проект Ага Хана "Человековедение". – Алматы, 2004.
14. Сарыгулов Д. Тенгрианство и глобальные проблемы современности. // Сбор. научных статей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству. "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
15. Старцев П.А. Очерк истории астрономии в Китае. – М., 1961.
16. Стеблева И.В. К реконструкции древнетюркской религиозно-мифологической системы. // В кн.: Тюркологический сборник. - М.: "Наука", 1972.
17. Стингл М. Таинственная Полинезия. - М.: "Наука", 1991.
18. Сулейменов О. АЗ и Я. - Алмата: "Жалын", 1990.
19. Эгембердиев Т. Метафизика Тенгрианства. // Сбор. научных статей Первого международного научного симпозиума по тенгрианству "Тенгрианство – мировоззрение алтайских народов". – Бишкек, 2003.
20. Древние Боги Сибири: Тэнгри, Умай, Кудай, Кызаган, Эрлик-хан, Мерген. // [Эл. ресурс]: safita.pro›. Статьи о магии и эзотерике.
21. Где и когда возникло тенгрианство. Международный фонд исследования Тенгри. Танская империя и тюрки. [Эл. рес.]:l-gallery.ru›oboi/gde…kogda-vozniklo-tengrianstvo…